**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**

**ТҮП РАЙОНУНУН**
**ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП**
**ТЮПСКОГО РАЙОНА**

---

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын**
**XIV- сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 9 -декабры **№97** Түп айылы

**Түп айылдык аймагынын 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин акча каражаттарына өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктунун негизинде Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын XIV-сессиясы токтом кылат:

1. Түп айыл аймагынын 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинен сарпталбай калган, үнөмдөлгөн жана башка булактардан келип түшкөн акча каражаттары лизинг аркылуу Түп айыл өкмөтүнө алынуучу 1 даана таш майдалоочу PE750x1060 моделиндеги жабдуу жана 1 даана саркынды сууларды сордуруучу SX5185GXW8J401 моделиндеги автомашина, көчөлөрдү тазалоочу SHACMAN SX5185GXS8K401 моделиндеги чаң соргуч агрегаты бар 1 даана атайын автомашина, жүк ташуучу SHACMAN SX32558K354 моделиндеги самосвал 1 даана автомашина жана каз тамандуу LG160 моделиндеги стандарттуу формадагы 1 даана бульдозерге, бардыгы 4 атайын техникалардын төлөмүнө 9869,6 миң сом каржылансын.

2. Бул токтомдун аткарылышын Түп айыл өкмөтүнүн башчысы УИ.Бозгуновго, көзөмөл кылуу жагы бюджет, экономика, ишкердик, тышкы экономикалык байланыш, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

3. Токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жоопту катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Абдымамбетов А.Б.**